"КАБЫЛ АЛЫНДЫ"
Ж.Баласагын атындагы
Окумуштуулар кеңешинин
отурумунда
_________________________
"____" ___________2024-ж.

"БЕКИТЕМИН"
Ж.Баласагын атындагы КУУнун
ректору Абдырахманов Т.А.
_________________________
"____"______________2024-ж.

# Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНИН ИЛИМИЙ-ИЗИЛДӨӨЛӨРДҮ ЖҮРГҮЗҮҮ ҮЧҮН ГРАНТТЫ УТУП АЛУУ СЫНАГЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

**БИШКЕК -2024**

## МАЗМУНУ


Терминдердин кыскача түшүндүрмөсү........ 3
Максаты жана колдонуу багыты ........ 3
Ченемдик-укуктук шилтемелер ........ 3

1. Жалпы жоболор........ 3
2. Сынактын уюштуруучулары ........ 5
3. Сынактын катышуучулары ........ 5
4. Өтүнмөнү даярдоо жана берүү тартиби........ 6
5. Конкурстук долбоорлорду тандоо жана баалоо критерийлери ........ 6
6. КУУнун университет ичиндеги гранттары боюнча илимий-изилдөө иштерин уюштуруу........ 7
7. Грант боюнча отчет берүү тартиби ........ 8
8. Башка жоболор ........ 9
9. Жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү ........ 9

Тиркеме 1. Табыштаманын мукаба барагы........ 10
Тиркеме 2. Аткаруучулардын тизмеси........ 11
Тиркеме 3. Долбоордун сүрөттөлүшү (аннотация)........ 12
Тиркеме 4. Техникалык тапшырма........ 13
Тиркеме 4а. Календардык план ........ 14
Тиркеме 5. Долбоордун чыгым сметасы........ 15
Тиркеме 6. Чыгымдардын айрым статьялары боюнча сметаны чечмелөө түшүндүрмөсү........ 16
Тиркеме 7. Долбоордун отчетунун үлгүсү........ 17
Тиркеме 8. Рефераттын үлгүсү........ 18
Тиркеме 9. Отчеттун формасы боюнча методикалык сунуштар........ 18
Тиркеме10. Кафедранын/программанын жыйналышынын протоколунан көчүрмөсү 19
Тиркеме А. Өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду каттоо баракчасы........ 20
Тиркеме Б. Таанышуу барагы........ 20
Тиркеме В. Таркатуу барагы........ 20

**Терминдердин кыскача түшүндүрмөсү**

КУУ - Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети
ИТК - илимий-техникалык кеңеш
ИПК- илимий-педагогикалык кызматкерлер
ОПК – окутуучулук-профессордук курам
ИИИ – илимий изилдөө иштери
ИМжИИУБ – илимий метрикалык жана илимий изилдөөлөрдү уюштуруу бөлүмү
ТТ – техникалык тапшырма
КП – календардык план
ОК – КУУнун окумуштуулар кеңеши
ИТММР – Илимий-техникалык маалыматтардын мамлекеттик рубрикатору

## Максаты жана колдонуу багыты

Илимий-изилдөө гранттары жөнүндө жобо (мындан ары – Жобо) КУУнун бюджеттен тышкаркы каражаттарынан каржыланган илимий кызматкерлерге, магистранттарга, PhD, аспиранттарга жана докторанттарга илимий гранттар боюнча илимий иштерди пландаштыруунун, конкурстук тандоонун, уюштуруунун жана кабыл алуунун тартибин белгилейт.

Бул Жобо КУУнун факультеттерине, институттарына, түзүмдүк бөлүмдөрүнө, ошондой эле бардык кызматкерлерине жайылтылат.

## Ченемдик-укуктук шилтемелер

Жобо төмөндөгү ченемдик-укуктук документтерге ылайык иштелип чыккан:

- 2023-жылдын 11-августундагы «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- 2023-жылдын 8-августундагы «Илим жана мамлекеттик илимий-техникалык саясаттын негиздери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, ага өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү;
- 2022-жылдын 18-июлундагы № 243 «Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы;
- 2021-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы;
- Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин уставы;
- Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университеттин 2023-2026 – жылдарга жамааттык келишими;
- Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин 2022-2027-жылдарга стратегиялык өнүгүү планы.

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Жобо КУУнун бюджеттен тышкаркы каражаттарынан каржылануучу окутуучулук-профессордук курамга, студенттерге, магистранттарга, PhD, аспиранттарга, докторанттарга университет ичиндеги илимий гранттар боюнча илимий-изилдөөлөрдүн натыйжаларын пландаштыруунун, конкурстук тандоонун, уюштуруунун жана кабыл алуунун тартибин камсыздайт.

1.2. Илимий-изилдөөлөр боюнча ички гранттардын максаттары:

- илимий ишке жөндөмдүүлүгүн көрсөткөн кафедралардын/программалардын окутуучулук-профессордук курамы, магистранттары, PhD, аспиранттары жана докторанттары тарабынан илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү аркылуу илимий, педагогикалык жана илимий кадрларды даярдоо процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу;
- окутуучу-профессорлордун арасындагы илимий-изилдөө иштерин активдештирүү жана стимулдаштыруу;
- илим менен өндүрүш системасын байланыштырууну күчөтүү жана жолго коюуу;
- университеттин бардык бөлүмдөрүндө илимий изилдөөлөрдүн жаңы багыттарын колдоо жана алардын натыйжаларын өндүрүшкө киргизүү (окуу жана өндүрүш чөйрөлөрүнүн ортосунда билимдерди жана технологияларды өткөрүп берүү, инновацияларды жана бизнести өнүктүрүүгө көмөктөшүү, студенттер үчүн билим берүүнүн жана кадрларды даярдоонун актуалдуулугун камсыздоо, өнөр жай өндүрүшү жана окуу процесси менен байланышы, студенттердин илимий ишмердиги ж.б);
- илимий-изилдөөлөрдү жүргүзүүгө жөндөмдүү магистранттарды, жаш окумуштууларды, PhD, аспиранттарды, докторанттарды практикалык ишке тартуу;
- алынган натыйжаларды окуу процессинде, КУУнун илимий потенциалын өнүктүрүүдө, илимий-изилдөөлөрдүн натыйжаларын практикалык ишке ашырууда толук жана натыйжалуу пайдалануу;
- илимий ишмердүүлүк чөйрөсүндө кызматташуу үчүн реалдуу мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу.

1.3. Сынактын максаттары:

- Scopus, Web of Science, РИНЦ маалымат базаларына кирген журналдарга жарыялоо активдүүлүгүн жогорулатуу;
- илимий кызматкерлердин катарына жаш окумуштуулардын үлүшүн көбөйтүү;
- изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча алардан буйрутма алуу максатында ишканалар (мекемелер, уюмдар) менен биргелешкен иштерди жүргүзүүнүн келечектүү багыттарынын илимий-техникалык потенциалын түзүү;
- университеттин илимий-изилдөө иштерине университеттин тиешелүү бөлүмдөрүнүн окумуштууларын тартуу жана долбоорлордун сапатын жогорулатуу.

1.4. КУУнун илимий-изилдөө гранттары төмөнкү программалар боюнча жүзөгө ашырылат:

- табигый, социалдык-экономикалык жана гуманитардык илимдер тармагындагы алдыңкы изилдөөлөр;
- ааламдашуу чакырыктарына байланышкан коомдун актуалдуу маселелерин талдаган жана аларды чечүү жолдорун иликтеген социологиялык изилдөөлөр;
- кесиптик билим берүү системасында жана орто мектептерде инновациялык технологиялар жана жасалма интеллект;
- чыгармачылык долбоорлор (адабий, көркөм, дизайн, музыкалык жана башка чыгармаларды түзүү);
- эл аралык жана Кыргызстан ичиндеги аймактык илимий иш-чараларга катышуу.

1.5. Ички гранттар үчүн актуалдуу илимий багыттар жыл сайын Илимий-техникалык кеңеш тарабынан аныкталат жана ректордун буйругу менен бекитилет.

1.6. Илимий-изилдөөлөрдү каржылоо КУУнун финансылык каражаттарынын эсебинен ишке ашырылат.

1.7. Ички грантты каржылоо болжол менен 500 000 (беш жүз миң) сомдун тегерегинде болот (ар бир тема үчүн). Бөлүнгөн финансылык каражаттардын 50% илимий топтун мүчөлөрүнүн эмгек акысын төлөөгө, 30% изилдөө үчүн жабдууларды сатып алууга, 20% иш сапарына жана башка чыгымдарга жумшалса болот.

1.8. Сынакка илимий кызматкерлер жана КУУнун башка кызматкерлери тарабынан даярдалган жамааттык же жеке арыздар берилиши мүмкүн.

1.9. Илимий-изилдөөлөрдү жүргүзүүгө кеткен чыгымдар гранттарды каржылоо сметасына ылайык КУУнун атайын каражаттарынын эсебинен төлөнөт.

1.10. Университеттин ички гранты, илимий долбоорлорду каржылоонун саны жана көлөмү КУУнун өнүгүүсүнүн конкреттүү этабындагы артыкчылыктарына ылайык жыл сайын ректорат жана окумуштуулар кеңеши тарабынан (конкурс жарыяланганга чейин) аныкталат.

1.11. Илимий-изилдөөлөр үчүн университет ичиндеги грант 1 жылдык мөөнөткө берилет жана проблеманын актуалдуулугуна, өндүрүштүк, илимий-практикалык муктаждыгына жараша узартылышы мүмкүн.

1.12. Долбоордун каражаты жабдууларга, материалдарга, долбоорго байланыштуу иш сапар чыгымдарына, алгачкы маалыматтарды чогултууга (талаа экспедицияларына, архивдерде иштөөгө, социологиялык изилдөөлөргө ж.б.), илимий макалаларды жана монографияларды басып чыгарууга жана башка чыгымдар үчүн жумшалышы мүмкүн.

1.13. Гранттык сынакка өтүнмө аткаруучу (долбоордун илимий жетекчиси) тарабынан даярдалат жана берилет.

1.14. Сынакты өткөрүү үчүн көз карандысыз эксперттик комиссия түзүлөт, анын курамы КУУнун Илимий-техникалык кеңешинин сунушу боюнча илимий иштер боюнча проректор тарабынан түзүлөт. Бир долбоорду көз карандысыз экспертизадан өткөрүү 2000 (эки миң) сомго бааланат жана ал илимий долбоорлорго бөлүнгөн жалпы сумманын эсебинен төлөнөт.

**2. Сынактын уюштуруучулары**

2.1. Сынактын уюштуруучусу Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети болуп саналат, ошондой эле демөөрчүлөр менен буюртма берүүчүлөр бул процесске катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Сынактык тандоонун чечими жана өткөрүлүшү Илимий-техникалык кеңеш тарабынан кабыл алынат жана КУУнун ректорунун буйругу менен бекитилет.

2.2. Сынакты уюштурууну түздөн-түз университеттин илимий иштер боюнча проректору жана ИМжИИУБ ишке ашырат.

**3. Сынактын катышуучулары**

3.1. Сынакка академиялык изилдөөчүлөрдүн арасынан илимий топтор жана КУУнун башка кызматкерлери катыша алат.

3.2. Илимий топтун КУУнун штаттык кызматкери болуп саналган илимий жетекчиси болушу керек жана өтүнмө берилген учурда, гранттын мөөнөтүнөн эрте эмес жарактуу эмгек келишими болушу зарыл.

3.3. Илимий чыгармачыл топтун акыркы 5 жыл ичинде электрондук маалымат базаларында индекстелген рейтингдик басылмаларда 3төн кем эмес макалалары болушу керек.

3.4.Илимий жетекчи гранттык каражаттарды максаттуу, натыйжалуу пайдалануу, техникалык тапшырмага ылайык илимий-изилдөөлөрдү жүргүзүү, отчетторду жана башка документтерди өз убагында берүү үчүн жооптуу.

## 4. Өтүнмөнү даярдоо жана берүү тартиби

Сынак эки баскычта өткөрүлөт:

*1 баскыч* – кафедралык/программалык деңгээлде: ректордун буйругу менен белгиленген сынакты өткөрүүнүн мөөнөттөрүндө талапкерлер конкурска катышуу үчүн арыздарды (илимий долбоорлорду) кафедрага/программаларга беришет, кафедранын/программалардын отурумунда долбоорлор корголуп, андан кийин сынакка катышууга сунушталат. Илимий жетекчи тарабынан даярдалган корутунду бөлүм башчы тарабынан күбөлөндүрүлөт. Сынактын университеттик туруна катышууга кафедрадан 3төн ашык арызга жол берилбейт.

*2 баскыч* – университеттик деңгээлде: аталган эрежелердин жана анын тиркемелеринин талаптарына ылайык даярдалган конкурстук өтүнмөлөр гранттык талапкерлер тарабынан ИМжИИУБ берилет.

4.1. Ички грантты алуу үчүн сынактык өтүнмө төмөндөгүлөрдү камтууга тийиш:

4.1.1. Титулдук барак (тиркеме1);

4.1.2. Долбоорду аткаруучулардын тизмеси (тиркеме 2);

4.1.3. Долбоордун сүрөттөлүшү (тиркеме 3);

4.1.4. Техникалык тапшырма (тиркеме 4);

4.1.5. Долбоордун чыгым сметасы (тиркеме 5, 6);

4.1.6. Илимий жетекчинин корутундусу;

4.1.7. Кафедранын/программанын отурумунун протоколунан көчүрмөсү.

4.2. Конкурстук эксперттик комиссияга, долбоордун жетекчисинин колу менен өтүнмөнүн басма түрүндөгү жазуу версиясы (2 нускада) жана ИМжИИУБ электрондук версиясы берилет. Өтүнмөнүн материалдарынын көлөмү басма жазуу түрүндө 10-15 барак болушу зарыл.

4.3. Толук эмес жана белгиленген талаптарга жооп бербеген өтүнмөлөр каралбайт.

4.4. Долбоорду колдоо чечими кабыл алынса, менеджер техникалык тапшырманы жана календардык планды түзөт (Колдонмо 4, 4а). Илимий-изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн техникалык тапшырмасы илим боюнча проректор тарабынан бекитилет. Ал долбоорду жүргүзүүнүн максатын, мазмунун жана негизги талаптарын, финансылык колдоонун пландаштырылган көлөмүн, ошондой эле натыйжаларды пландуу пайдаланууну аныктаган милдеттүү документ болуп саналат.

## 5. Конкурстук долбоорлорду тандоо жана баалоо критерийлери

5.1. Өтүнмөлөрдү тандоо төмөнкү критерийлер боюнча жүргүзүлөт:

- конкурстун максаттарына, милдеттерине жана университеттин деңгээлинде илимий изилдөөлөрдүн артыкчылыктуу багыттарына ылайык келиши;
- өтүнмөдө камтылган маселенин илимий актуалдуулугу, максаты, милдети, илимий жаңылыгы, негизги жоболору, өндүрүш менен байланышы, апробацияланышы, экономикалык натыйжалуулугу, илимий жана практикалык мааниси;
- максаттардын жана милдеттердин айкындыгы, аларды чечүүнүн ыкмалары жана жолдору, күтүлгөн натыйжаларды жана алардын маанисин тактоо;

- изилдөө тобунун квалификациясы жана тажрыйбасы (анын ичинде илимий даражалардын жана наамдардын болушу, сунуш кылынган изилдөө темасы боюнча болгон негиздер, жарыялоо активдүүлүгү жана изилдөө тобунун мүчөлөрүнүн изилдөө темасы боюнча басылмаларынын деңгээли, жергиликтүү же аймактык долбоорлордун алкагында изилдөө иштерин жүргүзүү тажрыйбасы);
- күтүлгөн илимий натыйжаларга жетишүүнүн реалдуулугу (анын ичинде зарыл илимий жабдуулардын болушун, илимий жабдууларды жамааттык пайдалануу борборлоруна кайрылуу мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен) жана алардын илимий-практикалык мааниси;
- долбоорго студенттердин, жаш окумуштуулардын, PhD, аспиранттардын докторанттардын катышуусу;
- долбоордун натыйжалары электрондук маалымат базаларында индекстелген рейтингдик журналдарда бирден кем эмес басылмада чагылдырылышы керек;
- басылмаларга берилген макалалар тиешелүү документтер менен күбөлөндүрүүгө тийиш;
- долбоордун жыйынтыктарын жарыялоодо каржылоо булагы катары университеттин ички грантынын каржылоосуна шилтеме көрсөтүлүшү керек.

5.2. Арыздар ИТКтин эксперттик комиссиясы тарабынан каралат. Өтүнмөлөргө экспертиза жүргүзүү үчүн эксперттик комиссия ички жана тышкы эксперттерди тарта алат.

5.3. Өтүнмөлөр ушул регламенттин 5.1-пунктунун критерийлерине ылайык бааланат, комиссиянын ишинин натыйжалары протокол менен бекитилет.

5.4. Өтүнмөлөрдү кароодо Кыргыз Республикасындагы жана КУУдагы илимий жана илимий-техникалык ишмердиктин артыкчылыктуу багыттарынын алкагында, ошондой эле түзүлгөн илимий окуу жайлардын ишмердүүлүгүнүн алкагында жүзөгө ашырылуучу долбоорлорго артыкчылык берилет.

5.5. Эгерде өтүнмө ээси изилдөө ишинин актуалдуулугун, илимий идеясын, изилдөөнүн максатын, сунуш кылынган чечимдерди, күтүлгөн натыйжалардын илимий-практикалык маанисин жетиштүү негиздебесе, эксперттик комиссия өтүнмөнү кабыл албоого укуктуу.

5.6. Сынак эксперттик комиссиясы өтүнмөнү ээси тарабынан билдирилген изилдөөлөрдү каржылоонун пландаштырылган көлөмүн оңдоого укуктуу. Эгерде өтүнмөнүн ээси оңдоого каршы болсо, анын арызы четке кагылат.

5.7. Илимий изилдөө долбоорун колдоо жөнүндө чечим ИТК эксперттик комиссиясы тарабынан кабыл алынат, комиссиянын чечимин Протокол түрүндө илим боюнча проректор бекитет.

5.8. Сынактык тандоонун жыйынтыгы боюнча жеңүүчү деп табылган долбоорлор жана алардын каржылоо көлөмү Окумуштуулар кеңеши тарабынан көзөмөлдөнөт жана акыркы чечимди кабыл алат.

## 6. КУУнун университет ичиндеги гранттары боюнча илимий-изилдөө иштерин уюштуруу

6.1. КУУнун окутуучулук-профессордук курамынын жана студенттеринин илимий ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө бюджеттен тышкаркы каражаттардын көлөмү, аларды конкреттүү гранттар боюнча бөлүштүрүү, ошондой эле илимий иштердин

жетекчилерин жана аткаруучуларын дайындоо жөнүндө кадрдык буйруктар Окумуштуулар кеңешинин чечиминин негизинде чыгат.

6.2. Грантты каржылоо илимий изилдөө-иштерин ачууга буйрук чыккан учурдан тартып күчүнө кирет. Белгиленген тартипте бюджеттен тышкаркы каражаттарды чыгымдоонун жылдык пландуу бюджетинде «Прогрессивдүү жана колдонмолуу илимий-изилдөөлөргө байланышкан илимий иштер үчүн» деген сап бөлүнөт жана бул каражаттардын көлөмү аныкталат.

6.3. Илимий жетекчилер ИИИнин сапаты, мөөнөттөрү, бөлүнгөн каражаттардын максаттуу жана сарамжалдуу пайдаланылышы үчүн жооп беришет. Жетекчилердин жергиликтүү жана чет элдик өнөктөштөрү (катышуучулар, консультанттар ж.б.) изилдөөлөрдүн сапаты, мөөнөттөрү, бөлүнгөн каражаттардын максаттуу жана рационалдуу пайдаланылышы үчүн жоопкерчиликти тең бөлүшөт.

6.4. Илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыгы окутуучулук-профессордук курамга, студенттерге, магистранттарга, PhD, аспиранттарга, докторанттарга университет ичиндеги илимий гранттардын алкагында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжасы оригиналдуу илимий иштеп чыгуулар болууга тийиш. Басылманын артыкчылыктуу түрү – илимий макала. Изилдөөлөрдүн натыйжаларында милдетүү түрдө эки макала импакт-фактору 0,1 ден кем эмес рецензияланган алдыңкы илимий журналдарга жана басылмаларга жарыяланышы керек (гранттын финансылык колдоосуна шилтеме берүү менен).

6.5. Илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүдө алынган интеллектуалдык иштин натыйжалары Кыргыз Республикасынын Интеллектуалдык менчик жөнүндө мыйзамына ылайык укуктук коргоого алынууга тийиш. Университет ичиндеги илимий гранттардын алкагында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжаларына болгон өзгөчө укуктар КУУга таандык.

## 7. Грант боюнча отчет берүү тартиби

7.1. ИМжИИУБ илимий-изилдөө иштерин аткаруу боюнча уюштуруу иштерин, анын ичинде иштин мөөнөттөрүн жана сапатын көзөмөлдөөнү, финансылык каражаттардын пайдаланылышын эсепке алууну жөнгө салат.

7.2. Пландык контролдоо илимий-изилдөө иштеринин жетекчилери тарабынан ИМжИИУБга жарым жылдык аннотацияланган отчетторду берүүнү жана, зарыл болгон учурда, аларды экспертизадан өткөрүүнү карайт.

7.3. Өтүнмөгө ылайык иштин жыйынтыгына жана натыйжалуулугуна көзөмөл кылуу Илимий-техникалык кеңешке, эксперттик комиссияга жана илим боюнча проректордун жеке өзүнө жүктөлөт, аларга теманын жетекчиси иш аяктагандан кийин отчет берет.

7.4. Иш (иштин этабы) аяктагандан кийин жетекчи эксперттик комиссияга изилдөө боюнча аралык/жыйынтыктоочу корутундуну (7, 8-тиркемелер), бекитилген техникалык тапшырманы, бөлүмдүн жыйынынын протоколунан көчүрмөнү (долбоор ишке ашырылган илимий бөлүм) жана каржылык чыгашалар жөнүндө отчет берет. Отчеттук документтер ИМжИИУБ отчеттук жылдын (күнү, айы) эки нускада (кагаз жана электрондук түрдө MSWord форматында) берилет.

7.5. ИТКтин жыйналышында илимий иштер боюнча аткарылган иштер жөнүндө отчет менен тааныштырылып, илимий иштер боюнча проректор тарабынан бекитилет. Отчет мамлекеттик стандарт ГОСТ 7.32-2001 “Илимий-изилдөө иштери боюнча отчет. Түзүлүшү жана каттоо эрежелери” талаптарына ылайык түзүлөт (7-10-тиркемелерди караңыз).

7.6. Илимий долбоордун жетекчиси зарыл болгон отчеттук материалдарды белгиленген мөөнөттө жүйөөлүү себептерсиз бербесе, этаптар боюнча же бүтүндөй илимий-изилдөө иштеринин сапаты начар болсо, илимий иштер боюнча проректордун сунушу боюнча, долбоордун жетекчиси алмаштырылышы мүмкүн же изилдөө иштери токтотулушу мүмкүн. Эгерде отчеттун жыйынтыгы жетишсиз деп табылса, долбоорду каржылоо токтотулушу мүмкүн, ал эми илимий топтун жетекчиси, өнөктөш жетекчиси жана аткаруучу мүчөлөрү үч жылдык мөөнөткө ушул сыяктуу сынактарга катышуу укугунан ажыроо менен, максатсыз жана натыйжасыз кеткен чыгымдарды университетке төлөп берет.

## 8. Башка жоболор

8.1. КУУ илимий-изилдөө боюнча иштерди аткаруунун натыйжасында түзүлгөн илим жана технология чөйрөсүндөгү интеллектуалдык менчик объектилерине укуктарды жана илимий-техникалык иштин натыйжалары жөнүндө купуя маалыматка укуктарды "Кыргыз Республикасынын Интеллектуалдык менчик жөнүндө" Мыйзамына жана "Кыргыз Республикасынын Автордук укук жөнүндө" Мыйзамына ылайык бекитүүнү камсыз кылат.

8.2. ИМжИИУБ арызга киргизилген жана ишти аткаруу учурунда алынган документтерди эсепке алууну жана сактоону камсыздайт.

## 9. Жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү

9.1. КУУнун илимий-изилдөөлөрүнө гранттар боюнча ушул Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор Илимий-техникалык кеңештин жыйынында киргизилет.

9.2. Жобого киргизилген бардык өзгөртүүлөр жана толуктоолор "Өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду каттоонун тизмесине" (тиркеме А) киргизилип, КУУнун бардык түзүмдүк бөлүмдөрүнө жана анын филиалдарына маалымат берилет (тиркемелер Б, В).

9.3. Эгерде жобого беш же андан көп өзгөртүүлөр киргизилсе, жобо жокко чыгарылат жана анын жаңы редакциясы иштелип чыгылат.

**Тиркеме 1.**

**Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети**

**Ички илимий гранттардын сынагына катышууга**

**ӨТҮНМӨ 20___ жыл**

Долбоордун аталышы:

___

___

___

Долбоордун жетекчиси:

___

Долбоордун (өнөктөш) жетекчиси:

___

**Тиркеме 2**

## ДОЛБООРДУ АТКАРУУЧУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

**Долбоордун жетекчиси:**

| № | Фамилиясы, Аты, Атасынын аты | илимий даражасы | илимий наамы | иштеген жери | ээлеген кызматы | адистиги | телефон | e-mail |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | |

колу_________, күнү___________

**Долбоордун (өнөктөш) жетекчиси:**

| № | Фамилиясы, Аты, Атасынын аты | илимий даражасы | илимий наамы | иштеген жери | ээлеген кызматы | адистиги | телефон | e-mail |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | |

колу_________, күнү___________

**Аткаруучулар:**

| № | Фамилиясы, Аты, Атасынын аты | илимий даражасы | илимий наамы | иштеген жери | ээлеген кызматы | адистиги | телефон | e-mail |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | |

колу_________, күнү___________

**Өнөктөш аткаруучулар:**

| № | Фамилиясы, Аты, Атасынын аты | илимий даражасы | илимий наамы | иштеген жери | ээлеген кызматы | адистиги | телефон | e-mail |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | |

колу_________, күнү___________

**Тиркеме 3**

**ДОЛБООРДУН СҮРӨТТӨЛҮШҮ**

1. Долбоордун жетекчиси.
2. Долбоордун аталышы.
3. Ачкыч сөздөр.
4. Изилдөөнүн кыскача баяндамасы (200 сөздөн ашык эмес).
5. Долбоордун актуалдуулугу максаты, милдеттери, изилдөө объектиси жана предмети.
6. Изилдөө темасы боюнча эмгектердин кыскача баяндамасы.
7. Долбоордун идеясын ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн негиздемеси жана изилдөө ыкмалары.
8. Долбоордун темасы боюнча изилдөө тобуна таандык болгон илимий маалыматтар.
9. Изилдөөлөрдүн күтүлүп жаткан натыйжалары жана аларды коммерциялаштыруу (ишке ашыруу) ыкмалары.
10. Долбоордун темасы боюнча акыркы 5 жыл ичинде жетекчинин жана аткаруучулардын негизги иштеринин тизмеси.
11. Долбоордун башка өзгөчөлүктөрү.
12. Долбоорду ишке ашыруу үчүн зарыл болгон инвестициянын суммасы.
13. Каржылоонун башка булактары (эгерде бар болсо).

Долбоордун жетекчиси: ______________________

колу

Долбоордун (өнөктөш) жетекчиси: ______________________

колу

**Тиркеме 4**

**«БЕКИТЕМИН»**
**Илимий иштер боюнча проректор**
**______________________________**
**(Аты-жөнү)**
**«___»_____________ 20___ ж.**
*(мөөр)*

**ТЕХНИКАЛЫК ТАПШЫРМА**
**университет ичиндеги гранттын алкагында ИИИ жүргүзүү**

1. ИИИнин темасы: ____________________________________________________________
2. ИИИне мүнөздөмө (фундаменталдуу илимий изилдөө, колдонмолуу илимий изилдөө, эксперименталдык иштеп чыгуу):

___________________________________________________________________________

3. ИИИнин аткаруучусу (жетекчиси):

___________________________________________________________________________

(Аты-жөнү, кызматы, телефон, E-mail) Илимий изилдөө жүргүзүлүп жаткан университеттин (уюмдун) түзүмдүк бөлүмүнүн аталышы:

___________________________________________________________________________

4. Изилдөөлөр жүргүзүлүп жаткан илим менен техниканын артыкчылыктуу багыты:

___________________________________________________________________________

5. Илимий-техникалык маалыматтардын мамлекеттик рубрикатору (ИТММР) боюнча темалардын коду ______________________________________________________________
6. Изилдөө темаларын жана күтүлгөн натыйжаларды (продукцияларды) мүнөздөгөн ачкыч сөздөр жана сөз айкаштары

___________________________________________________________________________

7. ИИИнин мөөнөтү, башталышы - ___________________, аяктоо мөөнөтү - ___________
( күн, ай, жыл)                              ( күн, ай, жыл)
8. ИИИин аткаруу үчүн каралган каражаттардын көлөмү (сом):________________________
9. Жеткиликтүү илимий негиздемелер: ______________________________________________
10. ИИИнин максаттары, мазмуну жана өткөрүүнүн негизги талаптары:

___________________________________________________________________________

11. ИИИнен күтүлгөн натыйжалар:

___________________________________________________________________________

12. Натыйжаларды пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү:____________________________________
___________________________________________________________________________

13. Окуу процессинде иштин натыйжаларын пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү:
___________________________________________________________________________

14. Изилдөө иштери аяктагандан кийин берилүүчү илимий-техникалык жана башка документтердин тизмеси - отчет, басылмалар, ойлоп табууга өтүнмө ж.б.
___________________________________________________________________________

Долбоордун жетекчиси: ______________________
колу

Долбоордун (өнөктөш) жетекчиси: ______________________
колу

**Тиркеме 4а**

**«БЕКИТЕМИН»**
**Илимий иштер боюнча проректор**
**_______________________________**
**(Аты-жөнү)**
**«___»_____________ 20__ж.**

*(мөөр)*

**КАЛЕНДАРДЫК ПЛАН**
**университет ичиндеги гранттын алкагында ИИИ жүргүзүү**

1. ИИИнин темасы:
_________________________________________________________________________

| ИШТИН АТАЛЫШЫ | АТКАРУУ МӨӨНӨТҮ | ОТЧЕТТУУЛУК |
|---|---|---|
| | | |
| **Маалымат (аралык) отчету** (ИМжИИУБнө берилет) | **Жылдын (күнү, айы) чейин** | |
| | | |
| **Жыйынтык отчету** (ИТКте корголот) | **Жылдын (күнү, айы) чейин** | |

**Тиркеме 5**

## ДОЛБООРДУН ЧЫГЫМ СМЕТАСЫ

«___» ___________ 20__ ж. № ______________________

Долбоордун темасы: ______________________________________________________

| № | Аткарылуучу жумуштардын чыгымдары | өлчөө бирдиги | Чыгым суммасы |
|---|---|---|---|
| 1 | Жабдуулар (атайын жабдуулар) | Сом | |
| 2 | Материалдар, сырье, комплектөөчү | Сом | |
| 3 | Үчүнчү жактар тарабынан аткарылган иштер үчүн акы төлөө | Сом | |
| 4 | Башка чыгымдар | Сом | |
| 5 | Кошумча чыгымдар (10% ашпаган) | Сом | |
| 6 | Иш сапар чыгымдары | Сом | |
| **БААРЫ:** | | Сом | |

Долбоордун жетекчиси: ____________________________________________

(Аты-жөнү, илимий даражасы, илимий наамы)

**Тиркеме 6**

## ЧЫГЫМДАРДЫН СМЕТАСЫНЫН АР БИР СТАТЬЯЛАР БОЮНЧА ЧЕЧМЕЛЕНИШИ

Жабдуулар (атайын жабдуулар) Таблица 1

| Аталышы | Саны | Баасы, сом | Сумма, сом |
|---|---|---|---|
| | | | |
| ЖАЛПЫ: | | | |

Таблица 2

Материалдар, сырье, комплектөөчү

| Аталышы | Саны | Баасы, сом | Сумма, сом |
|---|---|---|---|
| | | | |
| ЖАЛПЫ: | | | |

Таблица 3

Үчүнчү жактар тарабынан аткарылган иштер үчүн акы төлөө

| Иштин мазмуну | Иштин жыйынтыгы | Мөөнөтү (иштин башталышы жана аягы) | Сумма, сом |
|---|---|---|---|
| | | | |
| ЖАЛПЫ: | | | |

Таблица 4

Башка чыгымдар

| Аталышы | Сумма, сом |
|---|---|
| | |
| ЖАЛПЫ: | |

Таблица 5

Кошумча чыгымдар

| Аталышы | Сумма, сом |
|---|---|
| | |
| ЖАЛПЫ: | |

Таблица 6

Иш сапардык чыгымдар

| Аталышы | Сумма, сом |
|---|---|
| | |
| ЖАЛПЫ: | |

Долбоордун жетекчиси: ____________________________________________

(Аты-жөнү, илимий даражасы, илимий наамы)

____________________ (колу) (күнү)

**Тиркеме 7**

Долбоордун отчетунун үлгүсү

**Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети**

“БЕКИТЕМИН”<br>
Илимий иштер боюнча проректор<br>
___________________Аты-жөнү<br>
“____” ____________20___ ж.

**ОТЧЕТ**

долбоор боюнча № __________ «_____________________________________________»

(долбоордун номери) (долбоордун аталышы)

Долбоордун жетекчиси: ____________________________________________

(илимий даражасы, илимий наамы, аты-жөнү)

_____________<br>
(колу)<br>
20___ ж.

**Тиркеме 8**

Рефераттын үлгүсү

**РЕФЕРАТ**

Отчет ___ бет., ___ бөлүм., ___ сүрөт., ___ табл., ___ булактар, ___ тиркеме.
Рефераттын тексти төмөндөгүлөрдү чагылдырууга тийиш:

- изилдөө же иштеп чыгуу объектиси;
- иштин максаты;
- ишти аткаруунун методологиясы жана методикасы;
- иштин натыйжалары;
- негизги конструкциялык, технологиялык жана техникалык-эксплуатациялык мүнөздөмөлөр;
- ишке ашыруу даражасы;
- ишке ашыруу боюнча сунуштар же ИИИнин натыйжаларын ишке ашыруунун жыйынтыгы;
- колдонуу чөйрөсү;
- экономикалык натыйжалуулук же иштин мааниси.

**Тиркеме 9**

**ОТЧЕТТУН ФОРМАСЫ БОЮНЧА МЕТОДИКАЛЫК СУНУШТАР**

1.1. Отчеттун негизги бөлүгүнүн структуралык элементтери төмөнкү бөлүмдөрдө берилиши керек: мазмуну; аныктамалар; белгилер жана аббревиатуралар; киришүү; негизги бөлүгү; корутунду; колдонулган булактардын тизмеси; тиркемелер. Отчеттун талап кылынган түзүмдүк элементтери кара шрифт менен белгиленет.

1.2 Алынган натыйжалардын негиздүүлүгүн жана ишенимдүүлүгүн ырастаган материалдарды көрсөтүүдө төмөнкү жоболорду колдонуу сунушталат:

- теориялык (аналитикалык) алынган натыйжалардын эксперименталдык маалыматтар менен жакындашуунун күтүлгөн даражасы;
- математикалык же физикалык моделдөөнүн натыйжаларынын жеткиликтүү эксперименттик маалыматтар менен жакындашуунун күтүлгөн даражасы;
- жаңыдан иштелип чыккан жалпы илимий жоболордон (тыянактар, сунуштар, моделдер, көз карандылыктар ж.б.) жалпыга белгилүү жеке илимий натыйжаларды алуу;
- тесттин натыйжалары менен ырастоо, божомолдорду практикалык ишке ашыруу тажрыйбасы;
- так физикалык чечмелөө жана белгилүү (жарыяланган) маалыматтар менен шайкештик.

1.3 Отчеттун корутундусу төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:

- долбоордун бардык этаптарынын жыйынтыгы боюнча кыскача корутундулар;
- долбоордун натыйжаларын конкреттүү пайдалануу боюнча сунуштарды жана баштапкы маалыматтарды иштеп чыгуу; коюлган милдеттерди чечүүнүн бүтүндүгүн баалоо;
- ишке ашыруунун техникалык-экономикалык натыйжалуулугун баалоо;
- долбоордун илимий-техникалык деңгээлин ушул тармактагы эң мыкты жетишкендиктер менен салыштырып баалоо.

**Тиркеме 10**

**Кафедранын/программанын отурумунун протоколунан**

**КӨЧҮРМӨ**

______________________________________________

«____» ________________ 20___ ж. № ________

Күн тартиби:

**Угулду:** Илимий изилдөөлөр үчүн университет ичиндеги гранттын алкагында илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыктарын кароо ________________________________________

______________________________________________

*долбоордун темасынын аталышы*

Долбоордун илимий жетекчиси:_____________________________________________

*Аты-жөнү, кызматы, илимий даражасы, илимий наамы*

**Чечими:** Илимий-изилдөө иштери *жогорку/орто/төмөн* илимий-техникалык деңгээлде *календардык планда белгиленген мөөнөттөрдө/мөөнөттөрдү бузуу менен бүткөрүлгөн* жана долбоордун техникалык шарттарынын *талаптарына жооп берген/жооп бербейт. Бул ишти улантууга сунуш кылыңыз (мөөнөт-аралык отчет үчүн).*

**Эскертүүлөр жана сунуштар:**

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

**Бөлүмдүн/программанын башчысы:**

__________________________ __________________ / ____________________________

*Илимий даражасы, наамы* *колу* *Аты-жөнү*

**Катчы:** __________________ / ____________________________

*колу* *Аты-жөнү*

**Тиркеме А**

## ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ ЖАНА ТОЛУКТООЛОРДУ КАТТОО БАРАКЧАСЫ

| Бөлүм, абзац, барактын бети, пункт | Өзгөртүүнүн номери, өзгөртүү | Өзгөртүү күнү | Толуктоолор | Текшерүү күнү | Колу |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| | | | | | |

**Тиркеме Б**

## ТААНЫШУУ БАРАГЫ

| № | Түзүмдүк бөлүм | Таанышуу күнү | Аты-жөнү | Колу |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |

**Тиркеме В**

## ТАРКАТУУ БАРАГЫ

| Аты-жөнү | Кызматы | Алган күнү | № экз. | Колу |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |